Шаелдаева Саткын



# МАНАС-ОРДО



*Шаелдаева Саткын*

# Манас-Ордо

*Бишкек 2011 ж.*

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.8**
**Ш-16**

Шаелдаева Саткын
Ш-16 «Манас-Ордо». -Б.: 2011ж. - 35 б.

**ISBN 978-9967-26-307-9**

**Ш 4803300100-11**

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.8**

**ISBN 978-9967-26-307-9**

**© Шаелдаева С., 2011**

Бул китеп - автордун биринчи чыккан китеби. Китеп кенже жаңа тестиер балдар үчүн арналат.

## Чакмак-Таш.

Арадан бир топ жылдар өтүп, туулуп өскөн айылымдын ушунчалык өзгөргөнүн байкасам да, көп нерселерге көңүл койбоптурмун. Шаардан келгенде ата-эне, тууган-урукка учурашып, 2-3 күн туруп кайра кетчүбүз. Бир жолу атайын Манастын күмбөзүн кыдырып көрүп, «Кароол - Чокуга» чыгайын деп келе жатып, балалык кезимдин айрым учурларын эстей баштадым.

Таш – Арык айылы Кеңколдун кире беришинде жайгашкан. Айылдан чыга берип, жогору өрдөй бергенде Кеңколдун ичи Обо, Чачыкей, Терек болуп, үч жакка бөлүнүп кетет. Үч тараптан агып келген суулар кошулуп, Кеңкол дарыясын түзөт. Атам мугалим эле. Ага райondon Обого барып иштөө сунуш кылыныптыр.

Ошентип бизди атам арабага жүктөрдү салып, тоого көчүрүп кетмек болду. Жүктөр деле аз болчу. Арабакеч чырак, чайнегибизди арабанын артындагы бери чыгып турган ок жыгачына байлап койду. Атам атка минди. Апам, мен, кичинекей бөбөгүм Мекен болуп, арабага түштүк. Ошол кез 1952-жыл болуш керек эле. Анда азыркыдай машиналар көп жок болчу. Болгону башкарманын жеңил машинасы, колхоздун 1-2 гана жүк ташуучу машинасы болсо керек. Көбүнчө айылда араба көп иштерди жасап, буудай, чөп, мал, жүк ташый турган. Ошон үчүн болсо керек, биз да араба менен көчүп жөнөдүк. Жолдо араба менен келе жатсак, Кеңкол дарыясынын чоң көпүрөсүнө жетпеген жерде, жолдун боюнан 2 метрдей ары жакта боз үйдөн кичине аппак чоң таш туруптур. Мен мындай ташты биринчи көрүшүм. Карасам, тегерегинде таштар жок. Тоодон кулап түшкөн го дейин десең, тоолор андан алыс, дөңсөөнүн этегинде жатат.

- Апа, бул кандай таш? Жалгыз жатат го, өзү да аппак экен, - дедим.

- Ооба, бул Манастын «Чакмак-Ташы», - деди.

- Манас ушул жерге коюп кетиптирби?

- Жоок. Илгери Манас ата Кеңколдун ичинен түнү кырк чоросу менен келе жатса, эки салаасынын ортосундагы ушул «Чакмак-Ташы» жерге түшүп калып, таппай коюптур.



- Кырк чоросу карашпаптырбы?

- Карашса деле керек, бирок табышпай калып, ошол бойдон ушул күнгө чейин жатат имиш.

- Салаасына ушул ташты кыпчып алганга эле батса, о-уу, өтө чоң киши экен да.

- Ооба, ошондой дешет, -деди апам. «Укмуш, кийин күндүз келип, эмнеге карашпады экен, а мүмкүн башка чакмак таш таап алгандыр» деп ойлодум. Мен Манас жөнүндө көп эле укчумун, бирок китебин окуй элек элем. Араба «Чакмак-Таштан» алыстаганча таң калып, карап бара жаттым.

Көз алдымда бирпаста Манас ата Аккуласын жулкунтуп, кырк чоросу найза, калканчан болуп, кылкылдап көрүнгөнсүдү.

Манас атанын барбайган алп колун тиктеп:

- Манас ата, бул турган Чакмак-Ташыңызды таппай жүрөсүзбү? – дегенсийм.

- Издеген деле жокмун, мейли жата берсин. Менин ташым экенин билип, силерди айтып жүрсүн дегем дегенсип, мунарыктады. Араба кыйчылдап алыстаган сайын Чакмак-Таш кичирейгенден кичирейип бара жатты. Апам болсо капарсыз колундагы бөбөгүм Мекенге эки жакты көрсөтүп, бир нерселерди айтып, араба менен кошо эки жакка чайпалып

божурайт.

- Апа, Чакмак-Таш Манастыкы экенин эл билишеби? – дедим, анын көңүлүн буруп.

- Ооба, жолдон ары-бери өткөндөр, кеңколдуктардын баары билишет.

- Манас ата Чакмак-Таш менен эмне кылчу экен?

- Ким билсин. Мүмкүн алыска сапарга чыкканда от тутандырганга алып жүргөндүр.

- Чын эле ал убакта ширеңке жок болгон да, ээ?

- Ошондой го.

- Бул ташты бөлөк жакка жылдырып таштаса болобу?

- Болот. Бирок, бул ыйык таш. Көрүнгөн жерге коюп, жылдырса, ыргытса болбойт. Илгери тоодон келе жаткан көпкөлөң бирөө аттан түшө калып, жанында бара жаткандарга мактанып: «Бул таш ыйыкпы? Ушул Манастын Чакмак-Ташыбы? Жөн эле жаткан таш!»- деп, тээп-тээп атына минип жөнөп, үйүнө жетээри менен аттан кулап, төшөктөн турбай калган деген кеп айылга «дуу» деп тараган.

- Ал киши ошентип айтып алып, ооруганда кайра корккондур,ээ?

- Балам, корккону үчүн ооруду да. Ар кандай нерсеге жөнү жок туура эмес мамиле жасоонун эмне кереги бар. Ал таш ыйык эмей эмне? Канчалаган жылдардан бери турган эстелик экенин билген эместир. Эстелик эмей эмне? Таластыктардын баары эле Манастын Чакмак-Ташы деп, ушул күнгө чейин атап, айтып жүрүшөт.

- Апа, Манас ата азыр өзү жок болсо да, Чакмак-Ташынын турганына таң калам.

- Туура айтасың. Адамдар, жан-жаныбарлар өсүп, чоңоюп, карып өмүрүн сүрүп өтсө, тоо-таш, жер-суу узакка кылымдап жашай берет.

- Анда бул ташты менин балдарым, балдарымдын балдары да көрүшөбү?

- Ооба, кийинки-кийинки урпактар да бул Манас атанын Чакмак-Ташы экенин билип алышат. «Чын эле ошондой болобу?» деп, ичимден ойлодум. Карааны алыстаган Чакмак-Таштан көзүмдү албай, караган сайын анын турган жери да мага өзгөчө болуп туюлуп бара жатты. Араба ийри-буйру,

өңгүл-дөңгүл чаң ызгыган жол менен Обого бурулду. Сол тараптан таштан тизип салынган кичинекей там көрүндү.

- Бул кимдин үйү? – дедим. Апам ойлоно калып:

- Ташкара деген жалгыз Мүсүрөтбек аттуу баласы бар жесир аялдыкы болуш керек. Күйөөсү согуштан келбей калган. Жалгыз эчкисинин сүтүн саап, ушул жакта жашайт деп уккам. Байкуш, эптеп эпейтип салып алганын кара. Баласы эр жетсе, булар да бир адам болот,-деп кейип койду. Айткандай эле ал үйдөн бир кемпир чыгып, биз жакты колун чекесине коюп, көзүн күндөн калакалап, карап туруп калды. Көпкө чейин карады да, кемегесине от жакканы жаткандай эңкейди. Арабакеч аттарды «чу!» деп, шапалак менен чапканда, аттар жүрүшүн тездетти. Жалгыз там алыстай, кала берди.

Араба жүрүп отуруп, барчу жерибизге жетип да калды окшойт. Алды жактан жепирейген, узун салынган үй көрүндү. Чамасы мектеп болсо керек. Биз мектепке жакын бир үйгө келдик. Жүктөрдү түшүргөндө баягы арабанын арт жагындагы ок жыгачка байланган чырак менен темир чайнек тоонун жолунда ары-бери чайпалып, байланган жиптери бошоп, түшүп калса керек, таппай койдук. Алардын түшкөнү арабанын кыйчылдаганынан угулбай калыптыр. Атам бизден мурда келип, эшикти ачып карап туруптур.

- Келдиңерби? Мына биздин үй, киргиле, - деди атам. Үй сокмо дубал менен салынган ыш, бир бөлмөлүү, капкара жана бут кийим чечүүчү далиси бар экен. Төшөнчүлөрдү чөптүн үстүнө түшүрүп коюшту. Апам:

- Ии, мынча кир. Шыпырайын. Ак шыбакташ керек. Эми эртең ак шыбактайбыз, го, - деди. Кечинде чырак жок, пахтаны эшип, чыныдагы майга салып, үлпүлдөтүп күйгүзүп коюшту. Чайды болсо казанга кайнатып ичтик. Эртеси апам үйдүн ичи-тышын ак топурак менен шыбай коюп, үйдүн сырткы төмөн жагын жошолоп койду. Жошо деген кызыл топурак турбайбы, аны мен билчү эмесмин. Ал убакта акиташ менен актагандар деле жок эле.

## Сыйлашуу.

Эшиктин алдынан караганда наркы беттеги дөңсөөдө жепирейген, кара шыбак катар эки үй турат. «Үйүңөргө өрүлүктөп келдик» дешип, эки аял, эки киши бир чанач кымыз көтөрүп, кирип келишти. Чамасы ошол эки үйдө жашагандар болсо керек. Баятан бери качан бошогондо баралы деп күтүп байкап турушкан өңдөнөт.

- Келгиле, үйгө киргиле, төргө өткүлө,-деп атам менен апам күйпөлөктөп калышты. Апам тасмал жайып, үйдө болгон тамак-ашын жайнатты. Төрдө отурган кызыл томолок киши сөз баштады:

- Конушуңар жайлуу болсун. Таанышып алалы деп келип калдык. Биз бул жердик болуп калганбыз. Силердин жаңы көчүп келгениңерди көрүп туруп, таанышып албаганыбыз болбос. Менин атым –Мамбеткул, жанымдагы Чабалдай, анын келинчеги Жакшылык деп, кызыл көйнөкчөн келинди карап, мѐнин байбичем Сонунбүбү деп, жанындагы кара тору, чачына чачпак тагынган ак көйнөк, ак жоолукчан, орто жашаган аялды көрсөттү.

- Жакшы келгениңер. Мен силердин мектебиңерге мугалим болуп келдим. Атым - Ыйманбек. Бул – аялым, эки балам бар деп, бизди карады.

- Ой, былтыр да бирөө көчүп келип, чыдап жашай албай кетип калган. Силер да кетип калбайсыңарбы?- деди Чабалдай.

- Көнгөнгө аракет кылабыз. Тоонун абасы таза, бейиштей жер экен, - деди да: «Тамагың быштыбы?» -деп, апама карады.

- Азыр, -деп, апам казанда кууруп жаткан куурдагын табакка салып келип, ортого койду. Бөбөгүм экөөбүзгө кесеге салып берди. Куурдак кызарып, таттуу бышкан экен. Коноктор кеткенден кийин эшикке чыгып, өйүз-бүйүздү айланта карап турдум. Күз келип, чөптөр саргая баштаганы менен арчалар жапжашыл, айлана кооз көрүнөт. Шаркырап аккан тоонун суусу бул жердин кооздугун күүгө кошуп жаткандай сезилет.

Атам менен апам экөөлөп, эшиктин алдына кемеге жасап

жатышты.

- Ата, муну эмне кылабыз? – дедим.

- Эмне кылмак элек, эшикке от жагабыз, тамак бышырабыз.

- И-ии, түшүндүм. Анда мен отун терип келейин, ээ?

- Алыс кетпе. Тегеректен эле терип кел, - деди апам. Мен терип келген куурай, чырпыктарды күйгүзүп жатып:

- Сенин терип келгениң бир жаккандан чыпайт го. Кой, өзүм киришпесем болбойт деп, бирпаста эле бир кучак отунду кемегенин жанына таштады. Аңгыча тигил бурулуштан төө минген аял көрүндү.

Ал үйгө жакындай бергенде:

- Амансыңарбы? – деди.

- Аман-эсенбиз, өзүңөр кайдан? Түшүп чай ичип кетиңиз, - деп, апам аны тааныгандай сурашты.

- Түшөйүн. Койлорду балдарым жогору айдап кетти. Мен бир коюбуз тууду эле, козусун алып, калган жүктү төөгө артып, үйгө кетип бара жатам. Козунун энеси койлор менен келет, - деди бейтааныш аял.

- Көчүп бараткансыңар го.

- Ооба, кечээ эле көчкөнбүз. Мен бүгүн бара жатам деп, төөсүн «чөк!» деди. Төө анын тилин алып, алдыңкы эки бутун бүгүп чөккөндө, үстүндөгү аял чайпалып барып токтоду. Мен аны жыгылат болуш керек деп, карап турган элем. Бейтааныш аял жерге түшүп, Мекен экөөбүздүн мурдубуздан чымчып өөп:

- Айланайындар, эмне төөдөн коркуп жатасыңарбы? Төө тийбейт. Эмнеден коркосуңар, биз турбайбызбы, - деди. Чын эле мен алайып коркуп, бөбөгүм менин аркама жашынып, башын чыгарып карап турган эле. Аял төөдө артылган куржунду жерге түшүрүп койду. Куржундун бир көзүндөгү кичинекей ак козуну чыгарып койгондо, ал темтеңдеп араң басты. Ал өтө эле назик эле. Мекен экөөбүз аны менен ойногубуз келди. Анын жаңы эле туулганын, темтеңдеп келип биздин колубузду жыттагылаганын көрүп, «энесин издеп жатат го» деп, аяп турдук. Бейтааныш аял үйгө кирип кетип, тез эле чыкты. Ал:

- Ырахмат, чайыңды ичтик. Эми кетейин. Дагы бир кыр

ашамын, кечке жетээрмин, - деди да, козуну куржунга салып, төөгө артты. Алдыңкы өркөчүн кармай төөгө минди. Менин көзүмө ал эки тоонун ортосуна минип отургандай, алды-артынан тиреген өркөчтөрдүн ортосунан төө өйдө тура баштаганда алдыга талпынгандай көрүндү.

Мен апамдын жеңинен тартып:

- Апа, бул ким эле? – дедим.

- Гүлжан апаң, - деди да:

- Жакшы жетип алыңыз, - деди ага.

Куржундан башын чыгарып бара жаткан ак козу бизди карап, коштошконсуп бакырайып бара жатты. Төөнүн буттары «балп-балп» этип, жайбаракат бара жатканы, үстүндөгү ак жоолукчан каалгыган Гүлжан апа, куржундагы ак козу бир башкача ажайып көрүндү.

- Апа, эмне үчүн ал менин апам болот? Анда сизди мен эмне дейм? – дедим.

- Садага болоюн, аны «апаң» дегеним, улуулардын атын атап, «баланча апа, түкүнчө ата» дегениң жакшы. Ошентсе эле апаң болуп калмак беле, сенин апаң мен элемин деп, кучактап өпкүлөдү. - Бул аялды мен деле таанибаймын, эшиктин алдына келсе «үйгө кир, чай ич» деш керек, балам. Андан эч нерсең кемип кетпейт.

- Мен тууганыбыз экен десем...

- Тууганың болбосо да ошент. Сен эмес мени деле менден кичүүлөр тууган болбосо да «Кенже апа» деп коюшканда, аябай ичим жылып калат. Апамдын бул айткандары аркылуу башкаларды деле жакшы сыйлай турганын билдим, апамды ого бетер жакшы көрдүм.

### Таштагы из.

Атам күнүгө атты минип алып, кокту-колоттогу үйлөрдү кыдырып, окуй турган балдарды тизмелеп каттап жүрдү. Сентябрь болоюн деп калды. Көрөйүн деп, мектепке бардым. Класста болгону 12 парта бар экен. Капкара краска менен боелуптур. Сол жактагы терезе жакта чынжырлуу саат, оң жак дубалда карта, бет маңдайдагы дубалда кара тактай илинип турат.

«Биз ушул жерде окуйт турбайбызбы, жакшы эле экен» деп, чыгып кеттим. 1-сентябрь күнү мектепке 20 чакты бала келди. Булардын ичинде 1-класста, 2-класста, 3-класста, 4-класста 4-5 тен эле окуучу болсо керек. Алар күн аркан бою көтөрүлгөндө жөөжалаң, кээси эшек минип келишип, түш оогондо саат үчтөр чамасында тарашчу. Анткени алар ар кайсы кокту- колоттон келгендиктен, сабак да кеч башталчу. Балдар чогулганча жакын жерден эрте келген балдар өздөрүнчө "чикит", "лянги", кыздар "оромпой" тээп ойношчу. Мен 3- класста окудум. Атам мугалимим болгондон кийин мен да балдарга окшоп "агай" дечүмүн, үйдө " ата" деп калчумун.

1- класстын окуучулары менен 3- класстын окуучулары бир тарапка, 2- класстын окуучулары менен 4- класстын окуучулары экинчи тарапка өз классташтары менен отуруштү. Атам ар бирибизге өз- өзүнчө тапшырма берип, кыдырып текшерип чыкчу. Мен досторума уят болбоюн деп, тырышып окучумун. Ооба, эгер жаман окусам, "мугалимдин өзүнүн баласын карачы, эч нерсе билбейт" дешпейби.

Ошентип 3-класссты "5" менен аяктадым. Кийинки жылы атам пенсияга чыгып, окутпай калды. Ордуна Кожалы деген агай келип окутту. Ал агай да наркы Теректин мектебинде көп жыл тоолук балдарды окутуп иштеген экен. Тоолук балдар мал менен жүрүшсө да, өтө чыйрак, тырышчаак болушчу. Бир гана 2- класста окуган Келдибек сабакты билчү эмес. Ошентсе деле сабактан бир да калбай, эшегин кыдыңдатып минип, келип калчу. Аны жакшы окутабыз деп, 4- класстын окуучулары ортого алып үйрөтүшчү. Анткени 4-класстын окуучулары бүт жакшы окушчу жана алар өздөрүн "чыныгы пионербиз" дешчү. Аны окутабыз деп, кээде ыйлатып, соорото албай кыйналган учурлар да болгон. Бир күнү Кожалы агай:

- Чачыкей деген коктуга барабыз, китепкабыңарды класска таштагыла. Ал жерден ташка түшкөн буттун изин көрсөтөм,- деди. Ал жер бизден көп деле алыс эмес экен. Балдар кичинекейлерди учкаштырышты, кыздар жөө жөнөштү. Кыздардын ичинен Макил, Бурулкан, Тотулар чачтарын майдалатып өрдүрүп, жалаң тыйын менен мончок өткөрүлгөн чачуутук тагынып алышыптыр. Алар улам жүгүрүп, баскан сайын

"шыңгыр- шыңгыр" этип, Обонун ичин ого бетер шаңга бөлөгөнсүп баратты. Биз Чачыкейге жеткендей болдук, Чачыкейдин кире беришиндеги агып жаткан суунун кечүүсүнө келгенде, агай бизге сууну көрсөтүп:

- Этият болгула. Суу анча деле көп эмес экен, бирок этияттык керек, кечүүгө чечинип кечип түшпөй эле жээктен көрсөңөр болот. Тетигине, таш кечүүнүн орто жеринде жатат,- деди. Албетте, жээктен анча деле көрүнбөйт экен. Суунун так ортосунда жаткан бул сыйкырдуу ташты өз көзүбүз менен көрүп, кармалагыбыз келди. Аскарбек чоңураак бала эле, ал:

- Агай, мен кечип барып көрөйүнчү, суу тиземден деле келбейт экен,- деди. Агай ага чоңураак дедиби, уруксат берди. Ал багалегин түрүнүп, сууну кечип барып, жылаңач буттун изине бутун коюп:

-Оо, менин бутума чендеп дагы койгон жок. Чоң бут турбайбы. Кантип ташка изин түшүрдү экен?

- Агай, агай! Мен барайын, суу аз эле экен го,- деп жаттык. Ал анан "мейличи" деди окшойт, улам төрттөн жиберип, көрсөтүп чыкты. Кичинекейлерди эшекке мингизип, жетелеп барып, ташты көрсөттүк. Кайра кайтып келе жатканда сыйкырдуу ташты кеп кылып, "укмуш, ээ" деп келе жатып, мектепке кандай келгенибизди сезбей да калдык.

- Эми көргөнүңөрдү ата- энеңерге айтып берип, ал жөнүндө сурагыла. Эртең сабакта мага айтып бересиңер. Азыр китепкабыңарды алып бара бергиле, - деди. Биз үчүн бүгүнкү өзүнчө чоң ачылыштай көрүндү. Мен үйгө бараарым менен эле атамдан сурадым. Атам:

- Ал Чачыкейдин изи делет. Айчүрөк учуп келип, Чачыкей менен сүйлөшкөндө анын ачуусу келип, ачууланганда чыдабай буту ташка батып калган дешкени чын. Бул элдин айтып жүргөнү боюнча. Ал эми ал кайсы кылымда болгон, кимдин изи экендиги белгисиз. Укканымды айтып берейин, - деп, атам сөзүн улантты:

- Бойго жеткен Акункандын сулуу кызы Айчүрөккө жуучу түшө баштаганда, Айчүрөк Семетейди издеп, ак куу кебин кийип, Таласты көздөй учуп келген экен. Анткени Манас Акункан менен Семетей, Айчүрөк төрөлө электе эле белкуда

болушкан. Манастан Семетей, Акункандан Айчүрөк төрөлүптүр. Манас Семетейдин бешиктеги кезинде эле «о дүйнөгө» кеткен экен. Кийин Семетей эр жетип, Чачыкейге үйлөнүптүр. Айчүрөк Семетейдин баатырдык атагын алыстан угуп, келген жуучуларга макул болбой, ак куу кебин кийип, Семетейди издеп, учуп келген тура.



Келип конуп отурса, Чачыкей ак өргөөдөн чыгып, сейилдеп суу бойлоп келип, бети-колун суугa чайып отурганда, ак куу кебин кийген Айчүрөк ага жалынып-жалбарып:

- "Өрүүңдө үйүң оңдоюн,
Көчкөндө төөң комдоюн.
Кололуу кумган колго алып,
Кол жуугучуң болоюн.
Бедерлүү кумган колго алып,
Бет жуугучуң болоюн", - десе да болбой:

- Айчүрөк, кет бул жерден. Семетей сенин теңиң эмес деп, аябай ачууланып, жыланаяк таштын үстүнө тура калып сүйлөгөндө, чыдабай бутунун изи ташка батып калыптыр. Кечүүдөн өткөндөр "шумдук, Чачыкейдин ачуусунан таш да

анын таманында жумшарып кеткен экен, ээ" дешип, таң калышат.

- Мына кызык, эртең мен таштагы из жөнүндө агайга айтып берем. Ата, ырахмат, дедим.

Эртеси окуучулардын баары "Мен айтам! "Мен айтам" дешип, ата- энелеринен уккандарын айтып берип жатышты. Көбү эле мен айткан ойду кайталашты, 3- класстагы Узакбай:

- Аны бирөө жасап эле, суунун ортосуна таштагандыр да, кантип эле таштын бетинде адамдын изи болсун, каяктагы жок нерсе,- деп атам урушуп койду деди.

- Ал, сенин атаң өзү көрө элек турбайбы. Келип көрсө болмок,- дедик жабыла чурулдап.

**Эшек мингенде.**

Агайдын ар бир сабагы кызыктуу өтчү. Бирде мектептин жанындагы бакка ээрчитип барып, өсүмдүктөр менен тааныштырган. Чөптү тамыры менен алып:

- Бул тамыры, бул сабагы, бул жалбырагы, бул гүлү болот,- деп көрсөтүп, "азык затты тамырынан алат" деген. Бизден кайра сурап;

«Өсүмдүктөрдүн тамыры кайсы жеринде болот?»- дегенде, Асылбек шашкалактап, "башында болот" деп барыбызды күлдүргөн.

Ошол айтылгандар унутулбай, эсимде калыптыр. Ал эми дене тарбия сабагында көнүгүүлөрдү жасатып, аркан тарттырып, ар түрдүү жалаң кыргыз оюндарын ойнотчу. Кээде жеңилгендерибиздин ичинен "мен жеңет болчумун" деп чырданып ыйлагандар да болгон. Тоолук балдар деп коёбуз, алардын баары эле эшекти жакшы минишчү, такыр коркушчу эмес. Мен бул жакка келгени бир да жолу эшек минип көргөн эмесмин. Бир күнү Узакбайдын жоош эшегин балдар менен агай ары жакта бир нерсени айтып, алаксып жүрүшкөндөрүнөн пайдаланып, байланган жерден чечип миндим. Мен аны тияк- биякка бурганды билбептирмин. Ал түз эле мектептин далисине кирди. Эшиги жапыз болчу. Төбөм эшиктин өйдө жагына "так" этип катуу тийгенде, көзүмдөн

от чачырады, ыйлаган жокмун. Эшектин башын артка тартсам да болбой, туруп калды. Имерип да чыгара албадым, "Оңбогон эшек! Сени кантип чыгарам эми" деп, эшектен түшүп, чылбырдан кармап, жетелеп да чыгара албай койдум. Кайрадан минип, чыгарайын деп турсам, агай менен окуучулар келип калышты. Агай:

- Ой, эшек минип бул жерде эмне турасың?- дегенде, ызама чыдабай ыйлап жибердим. Балдар болсо:

- Эй, Турсун, эшек менен мектепке киргени жаттың беле?- деп каткырып күлүштү. Мен:

- Минип көрөйүн десем, өзү эле ушул жакка кирип кетти,- дедим.

- Күн жерде туруп, көлөкөлөп кирген тура. Башын тартып, киргизбей койсоң болмок. Түш эшектен, чыгаралы, - деди агай күлүмсүрөй. Агай чоңураак балдар менен тарткылап, түрткүлөп жатып, араң чыгарышты. "Өх!" - деп, эс ала түштүм. "Балдар опоңой эле минип, чаап эле жүрүшөт. Эшек минген деле кыйын турбайбы" дедим ичимден. Ошондон кийин эшек минген жокмун.

## Менин апам.

Бир күнү түнү эшик тыкылдап калды. Атам эшикти ачып, кимдир бирөөнү " кир", " кир" деп, үйгө киргизгендей болду. Эшикте шатыратып, куюп жаткан жамгырдын дабышы угулуп турду. Мен төшөктөн башымды көтөрүп карасам, кара плащ кийген бирөө плащын, шапкесин чечип, силкип жатыптыр. Атам:

- Кенже, от жак, бул бала үшүп калыптыр,- деди. Апам күйпөлөңдөп, көйнөкчөн заматта мешке тезек жагып жиберди. Чай да кайнап калды.

- Ич, иче гой. Кимдин баласысың?- деди апам.

- Байкабылдын баласымын, атым - Нурмат.

- Жети түндө да тоо аралап жолго чыгасыңбы? Ата- энең ушул жактабы?

- Антип - минтип жөө келгиче кеч кирип кетти. Ата- энем жок. Ушул жакта атамдын бир тууганы бар, ошого бара жатам.

- Өзүң кайдасың?

- Фрунзеде ( азыр Бишкек шаары) окуйм. Бир жылдан кийин мугалимдикти бүтөм.

- Оо, жакшы экен. Атаңдын агасы болсо, сенин чоң атаң турбайбы. Эмнеге келе жаттың эле?

- Учурашайын деп, анын үстүнө чоң атам бирөөлөрдөн келип кетсин деп айттырып жибериптир.

- Оо, байкуш, бир тууган да, кийим - кече, тамак - ашы кантти экен деген го. Жатып ал да, эртең менен чык. Эки бетиң кызарып турат, ысытмалап жатасыңбы?

- Ошондой го, -деп чүчкүрдү.

- Ысык чайдан баса- баса ич. Жылуулап жаткырып койсок, эртең менен сопсоо болуп каласың,-деди атам. Ошентип аны чай ичкенден кийин ороп-чулгап жаткырып коюшту. Эртең менен Нурмат байке кийинип кеткени жатыптыр. Жамгыр капкачан эле басылгандай. Ичимден "оорубай калды бекен?" деп аяп жаттым. Ал коштошуп кеткенден кийин 2 күнгө чейин унута албай, "Фрунзе деген шаарда окуйт экен. Ата -энеси жок турбайбы," - деп жүрдүм. Үчүнчү күнү мектептен жаңы эле келсем, баягы Нурмат байке менен аксакал киши эшиктин алдына атчан келип калышты.

- Ыйманбек, үйдөсүңбү?-деп үн салды абышка.

-Оо, келиңиз. үйгө түшкүлө, -деди атам. Алар кол алышып, ал -жайларын сурашты. Аксакал:

-Биздикине келе жатканда Нурмат балам үйгө жетпей, караңгы түндө силердикине түнөп кеткен турбайбы. Ырахмат, Ыймаке. Канча айткан менен кең пейлибиз бар да. Угуп сага абдан ыраазы болдум-, деп атамдын колун кайра -кайра кысып, ыраазылыгын билдирди. Алар үйгө түшкөн жок. Мен болсом: " Кап, чай ичип кетишсе болот эле. Фрунзе шаары жөнүндө сурайт элем. Жакшы байке экен. Бизди таанып калыптыр, болбосо келбей деле өтүшүп кетишмек" - деп ойлодум. Атам коштошуп жатып:

- Балаңар жакшы экен. Туугандарын издеп келген да мыктылык, өзү араң окуп жүрсө, Фрунзеден бери деле оңбогондой жол кире кетет,- деп, Нурмат байкени карады. Ал:

- Эч нерсе эмес. Ырахмат,силерге. Эми дагы келгенде силерге кире кетем, жакшы калыңыздар,-деп, чоң атасы менен

атын теминип жөнөдү. Чоң атасы куржундун эки көзүн толтуруп, атка артып алыптыр.

-Куржунуна эт -аш толтуруп, "устудент" деп, жөнөтүп бараткан го. Кантсин, чоң атасы да. Антпесе бул жетим балага ким жардам берет. Канча айтса да бир тууганынан калган жалгыз туяк эмеспи,-деди атам. Ошондо мен бул байкени ата-энем менен артынан бурулушка кайрылып кеткенче карап турдум.

Жай да келди. Окуу жылы аяктап, биз айылга көчүп келдик. Айылдагы үйүбүздүн тегерегиндеги балдардын баарын эле тааныйм. Кичинебизде бир ойноп, бир чоңойгонбуз да. Биздин көчүп келгенибиз жакшы болду. Бирок чоңураак ишке жарагандар калбай, колхоздун тамекисинде иштешет экен. Мен ойной турган өзүм теңдүүлөр жок, бөбөгүм Мекен менен эле ойнойм. Апам көрсөткөн иштерди жасайм. Бир күнү кошуна үйдөгү Ырыскан апасы менен тамеки сарайга кетип баратып:

-Жүр, сен да иште. Сарайда балдар, кыздар көп. Алар менен ойнойбуз, тамеки тизебиз,-деди. Ал менден бир жаш улуу эле. Анын апасы менен кошо иштеп жүргөнү аябай кызыктырды. Бир күнү:

-Апа, биз дагы сарайга барып иштейличи, мен ойной турган балдар бүт эле сарайга кетип калат экен,-дедим.

-Балам, мен тамекиге иштей албайм, бутум ооруп жүрөт, үй -тиричиликти эптеп турайын,-дейт. Анын үстүнө апамдын боюнда да бар эле. Төрөй турган маалы жакындап деле калган.

-Анда Мекен экөөбүз иштейли.

-Койчу, ал иштей алабы, кичине да. Барсаң өзүң бара берчи. Бирок чарчадым дебе, кыйналасың.

-Жок, жок үйрөнөм, апа,-дедим.

Ошентип Ырысканды ээрчип, түштөн кийин тамеки үзөм, эртеси түшкө чейин тизем. Элдер үй-бүлөлөрү менен 30-40 жип тизишсе, мен өзүм жалгыз 3-4 жип араң тизем. Ай сайын тамеки сарайга колхоздун кассири келип, акча таратат экен. Мен да элден калбай иштеп, 1 сом 75 тыйын алдым. Бул мага көп акча эле. Жумуштан кийин элдин баары эле дүкөнгө жөнөштү. Албетте, үйлөрүнө керектүүнү

алышат. Мен да дүкөнгө кирип, бир сыйра айланта карап, мага керектүү болгон китепкап, 4 дептер, калганына момпосуй алдым. Сүйүнүп үйгө келип, баарын апама карматтым.

-Муну ким берди?-деди апам.

-Өзүм дүкөндөн алдым. Момпосуйду сизге алдым.

-И-и, берекем, албай эле койбойсуңбу? Сени ушинтип тыйын табат деп ким ойлоптур,-деп маңдайымдан өпкүлөдү. Мен тамекини мурдагыдан да көбүрөөк үзүп, тизе баштадым. Эс алганда балдар, кыздар, жеңелер менен ойнойбуз. Жеңелер бизди тызылдата кубалашат, жеткирбейбиз. Алар качса, биз тез эле жетип алабыз. Бир күнү башкарма чогулуш өткөрүп, тамекиден алдыңкы болуп иштегендерге метрлей тукаба, чийбаркут, шайынын түрүнөн сыйлыкка берди. Мен жакшы иштегендерге суктандым. Мейли сыйлык алышсын, тамекинин түйшүгү деле көп. Адегенде тамекини жөөктөргө бирден отургузуп, сугарып, отоп, чаап, кийин чоңойгондо тизмейи бар. Жыты да сасык, бирок иштегендер тез эле көнүп калат тура. Жумуштан кийин кийимдер чайыр болуп, колдорубуз батташып калат . Эмне кылмак элек, бети-колубузду самындап жууп, чайыр болгон кийимдерди эртеси кийүү үчүн коюп коёбуз. Аны күнүгө жууп кийүүгө жетишпейбиз. Ошентип жумуш да өз нугу менен бүтүп жатты.

Күз келди. Жыйын-терин боло баштады. Суук түшүп, тамекини үшүк алып кетти. Колхозчулар жумуштан бир топ жеңилдей түшүштү. Күздүн күнү апам төрөдү. Апам төрөгөндөн кийин 2 айдан кийин бут оорусу күчөп, төшөккө жатып калды, баса албайт. Атам экөөбүз тамак жасайбыз. Сууну дарыядан мен алып келем. Эки чаканы баканга илип алып сууга барам, чакаларды толтуруп, ийиниме коюп көтөрүп, үйдү көздөй темтеңдеп жөнөйм. Үйгө келгиче чакалардагы суу чайпала берип, жарым -жарым болуп келет. Апама көрүнбөй:

-"Кудай, апам тез эле айыгып кетсе экен, оорубасынчы. Бөбөгүмдү ким карайт. Жардам берегөр-"-деп ыйлап да алам. Анан атама чай коюп, бөбөгүмө упчу менен сүт ичирем. Жалгыз уюбуз бар. Аны Жыпар жеңе күн сайын саап берип турат. Бир күнү  ал айылдап төркүнүнө кетиптир. Мен уйду өзүм саап үйрөнөйүн дедим. Атам торпогун эмизип берди, мен уйду саай баштадым. Уюбуз жоош болчу, унчукпай ту-

руп берди. Мен болсо эки колум менен эки эмчектен алып, ууччап тарткыладым. Ошентип Жыпар жеңени саадырбай эле, өзүм саап үйрөндүм. Тегеректегилер:

-Эркек бала болсо да бөбөгүн карап, уйду да саайт,-дешип сөз кылып, мактап жүрүштү. Апам врачтын дары-дармектерин ичет, бир бейтааныш келинге ушалатат. Кечкисин атам ушалап берет, мен бутум менен тебелеп берем. Ошентип апам күндөн-күнгө оңоло баштады. Жазга маал апам да ордунан турду.

- Берекем, сага кыйын болду. Мен айыгып кетсем, сени кыйнабайм,-деди . Апам үйдөгү жеңил-желпи иштерге акырындап жарап калды.

-Апа, такыр иш кылбай эле коюңузчу, Сабыргүлдү карасаңыз эле болду. Мен баарын эле жасап үйрөнүп калдым,- дейм. "Апа" деген кандай кымбат! Ал үйдүн куту турбайбы. Оорусунан тургандан бери үйүбүз толуп, береке кирип, телегейибиз тегиз. Атам да үй оокатына аралашпай, мал-салы менен алек. Мен болсом мектептен калбай, убагында барып, жакшы окуйм. Мектептеги кружокторго да катышамын. Конкурстардан калбайм. Быйыл бүтсөм, 6-класс болом. Жайкы каникулга аз калды.

## Манастын күмбөзү.

Бир күнү сабакта отуруп. Ашымбек агай:

-Эртең экскурсияга барабыз, көргөн-билгениңер боюнча аңгеме жазасыңар. Мектепте аңгемелер конкурсу болот, ошого катышасыңар,-деди.

- Агай кайда барабыз?-деп чурулдап жибердик.

-Мына, жакын эле жердеги Манастын күмбөзүнө барабыз. Макулсуңарбы?

-Ооба, агай. Бирок биз көрүп эле жүрөбүз го, барбай эле жазып бербейлиби?-дедик. Анткенибиздин себеби, Манастын күмбөзү Таш-Арык менен Ак-Жар айылынын ортосунда, мектептен деле анча алыс эмес эле. Жанына барып көрбөсөк да, ар кимибиз үйдөн караганда деле даана көрүнүп туруучу.

-Андай болбойт. Силер эмнени көрүп, эмнени байкасаңар ошол тууралу өз оюңар менен жазышыңар керек.

-Макул, агай барабыз,-деп чечтик. Ал кезде күмбөз азыркыдай болбой, урап турчу эле. Эртеси Ашымбек агай менен күмбөздү көздөй жөнөдүк. Жолдо бара жатканда агай:

-Азыр барганда опурап -топурап ары-бери жүгүрбөгүлө. Бул жер -ыйык. Күмбөздүн сол тарабында ата-бабалардын мүрзөлөрү бар, оюлуп түшпөсүн, биз жалгыз аяк жол менен барабыз, бири-бириңерден калбагыла,-дегенде, баарыбыз үнсөзсүз момурап жөнөдүк. Манастын күмбөзүнө да жеттик. Анын алдына каз катар тизилип, башыбызды ийип, таазим эттик. Агай Манастын күмбөзү жөнүндө кыскача түшүнүк бере баштады. Ал айтып бүтө электе Чынтемир:

-Агай, Манас атанын сөөгү ушул жерде барбы? -деди.

-Туура суроо бердиң. Атайын өкмөттүн буйругу менен изилдөөчүлөр келип казып, Манастын сөөгүн табышпаптыр, ордуна аялдын сөөгү чыкты дешти. Бирок, күмбөз Манастыкы дешет. Илгери күмбөздү Манас баатырга деп салдыртып, сөөгүн Каныкей душмандардан жашырып, бөлөк жакка көмдүргөн имиш.

-Ушул эле жерге көмдүрсө болмок экен, ээ, -деди Сарыгул.

-Туура эле. Каныкей акылман турбайбы. Бул жерден душмандар билишсе, сөөгүн казып алып кетишмек же өз билгендерин жасашмак да,-деп билгенсип Жаркын тыкылдады.

-Аялдын сөөгүн Манастыкы деп деле казып кетпейт беле? -дедим мен.

-Алар аялдын сөөгүн эмне кылышмак. Казса казып көрүп, кайра көмүшкөндүр же болбосо бул жерде Манас көмүлбөгөнүн билип калышкандыр. Ошон үчүн тийишпесе керек да, -деди Сейил жайма -жай.

-Агай, эмне үчүн күмбөз урап калган? -дедик.

-Анткени канча кылымдар бою каралбай, - кээде мал кирип, сыйынып келгендер топурагын чукулап алып жалай беришип, ушул ахвалга келген да. Силер азыр ичине киресиңер, дубалдарына тийбегиле. Көрдүңөрбү, бет маңдайындагы жазуулар урап, билинбей баратыптыр. Төбөсү жапыз болуп көрүнгөнү менен шапке ыргытса жетпейт, бийик. Боз үйдүн түндүгүндөй болуп, кыналган кирпичтери тегерете-тегерете коюлуп барып бүтөт. Төбөсү-туюк,-деди агай. Ошентип

күмбөздүн ичине аяр болуп кирдик. Айткандай эле Аман күмбөздүн төбөсүнө шапкесин ыргытып, жеткире албай койду, же кичинелик кылдыбы ким билсин. Эки терезенин астыңкы дубалдары урап калыптыр, ары--бери секирип өтүүгө да болот. Бирок биз андан ары-бери секирген жокпуз. Үйдөн ата-энелерибиздин күмбөздүн ыйыктыгы жөнүндөгү сөздөрүн деле көп укчубуз. Бул жерге алыс жактан келгендер да зыярат кылып кетишээрин, баласыздар бала суранып, ден соолугу начарлар ден соолук тилешип кетишээрин жана алардын тилектери орундалып жаткандыгын мисал келтирип айтышчу. Мен төрөлүшүм жөнүндө да апам мындайча айткан эле. Улуу агамдан кийин апамдын балдары токтобой, жети жылдын кийин мен токтоптурмун. Апам ушул күмбөзгө жума күнү келип түнөп, бүбү-бакшыларга ырым-жырым жасатыптыр. Таңга маал белин бек бууп, келе жатса, жолдун так ортосунан үйгө жетейин дегенде, көлкүлдөгөн аппак нерсе көзүнө көрүнүптүр. Бүбү-бакшылар үйгө бара жатканыңда алдыңан ак бир нерсе көрүнсө тосуп ал. Ошол сага кут болот. Балалуу болосуң дешкен экен. Айткандай эле апамдын боюна бүтүп, мен төрөлүпмүн. Ал убакта төрөт үйү деле жок болсо керек. Догдуру жок эле Сурма чоң апа төрөтүп, дароо жанында каралашып жүргөн Теңге чоң апанын этегине жылаңач бойдон "сенин балаң" деп туруп эле, салып берип коюптур. Теңге чоң апа араң чүпүрөк-чапыракка ороп караптыр. Үч күн болгондо апам менен Сурма чоң апа ээрчишип келип, кайра мени бир кап тезек, бир чыны ун, туз, бир көтөрүм куурай отун, бир томолок нават, бир теңгелик чай, чыт жоолук беришип, сатып алышып, мындан ары баласы турсун деп, атымды Турсун коюшуптур. Мен бул жөнүндө азыр бул жерде айткан жокмун, ойлодум. Агай менин оюмду буруп жиберди.

-Ооба, бул жер-ыйык. Бул жерди аябай өзгөртүп, күмбөздү жаңылап, Манаска арнап тарых музейин ачып койсок деле болоор эле, -деди.

-Агай, мен окуумду бүтөйүн, анан чоң окуу жайын бүтүрүп келип, күмбөздү изилдейм, оңдойм. Ошондо башкача болот -деди Аман.

-Аман сен аткарасың, отличниксиң да,-деп кубаттадык.

Күмбөздү айланып көрүп, аңгемелешип чыкканча 2 сааттай болду.

Эртеси ар кимибиз өзүбүздүн күчүбүзгө жараша, аңгеме жазып келдик. Мен болсом агай менен мектептен чыгып, күмбөздү көрүп, андагы болгон аңгемелешүүдөн бери жаздым. Барактын бир бетине күмбөздүн сүрөтүн тартып койдум. Сырткы бетине " Манастын күмбөзү" деп коолдоп, бадырайтып аңгеменин темасын жаздым. Башкалар да аңгемени кооздошуп, жакшы жазышыптыр. Өзгөчө Аман күмбөздү жапжаңы кылып, тегерегине бак-дарактарды көрсөтүп тартыптыр. Биз чурулдап:

-Аман сен каяктагыны тарткансың? Кана сеники биздин күмбөзгө бир да окшошпойт,-дедик.

-А, мен кийин оңдолгондо ушундай болот дегем,-деди. Чындыгында ал сүрөттү жакшы тартып, өзүнүн элестеткендерин укмуштуудай кылып көрсөтүп коюучу. Агай аны ого бетер мактап:

-Азаматсың. Мына балдар, карагылачы кандай сонун сүрөт болгон. Мүмкүн кийин ушундай кооз күмбөзгө айланаар деди. Мектеп боюнча аңгеме жазуунун жеңүүчүлөрү биз болуп, арабыздан Аман, Токтогазы, Сейил, Мейилкан, Жаркын өзгөчө мактоого татыктуу болушуп, "Лениндин бала чагы" деген китептерди сыйлыкка алышты. Класста санап койгондой 7 бала, 7 кыз окучубуз. Ынтымактуулугубузду айтпай элекоёюн, тим эле бир туугандай элек. Мектепте ай сайын дружина советинин линейкасы өткөрүлчү. Ал линейкада ар дайым эле биздин класстын отряд советинин председатели Мейилкандын иштери мактальп турчу. Чындыгында эле колхозго жардамдашуу, начар козуларды шефке алып багуу, мектеп участогунда иштөө, кары -картаң, согуш ардагерлерине, жалгыз бой оорукчан ата-энелерге жардам көрсөтүү боюнча биринчилерден элек.

**Биздин балдар.**

Бир окуя эсимден кетпейт. Ашымбек агай бизди класска чогултуп алып:

-Балдар, колхоздун быйыл чөбү аз болуп, малдар арык-

тап жатат. Жазга чейин дагы бир ай бар. Арык-торук кой-козулар көбөйүптүр. Колхоз таратып берсе, багып бересиңерби? Жалпы кол көтөрүп:

-Багабыз, дедик.

- Ар бириңерге бирден козу берилет,-деп бизди ээрчитип жөнөдү. Мал сарайга кирип, ар бирибиз бирден козуну жетелеп, тизмеге жазылдык. Мага буту аксак козу тийди. Үйгө апкелип алып, атамдын уйга деген чөбүнөн салып, кээде нан жибитип берип жүрдүм. Байкуш козу бир айда кадимкидей ирденип, буту кадыресе айыгып, оңолуп калды. Агай:

-Козуларды кайра алып келип тапшыргыла,-деген күнү баягы сарайга баарыбыз жетелеп келдик.

- Оо, Турсундун баккан козусу жакшы оңолуптур, жакшы багыптырсың,-деди Ашымбек агай мага карап.

-Агай менин козум кандай болуптур, семириптирби?-дешип, балдар улам-улам сурашып, жылуу сөз уккулары келип жатты.

-Силердики да оңолуп келиптир, азаматсыңар,-деп бардыгын мактады. Чындыгында эле ар кимибиз өзүбүздүн козуларыбызды жакшы багып, бири-бирибизден калбоого тырышкан экенбиз. Козуларды өткөрүп бүткөндө, колхоздун башкармасы Улукбек агай келип, козуларыбызды көрүп:

-Ырахмат, балдар! Силердин 5-классыңар жана 6-класстын окуучуларына өзүмдүн жана колхоз башкармалыгы, элдин атынан алкыш жарыяланды. Китепканаңарга 100 адабий китеп алып бердик, алып окуй берсеңер болот,-деди. Биз сүйүнгөндөн узакка чейин шатырата кол чаптык.

- Агай, Манастын китебинен да алып бересизби?-деди Сарыгул.

- Албетте, алып берем. Дагы бир жолу ырахмат силерге, айланайын жаш достор! Окууңар ийгиликтүү болсун! - дегенде, дагы кол чаап жибердик. Эртеси мектептин дубал газетасына 5-класс менен 6-класстын окуучуларына бирден козу көтөртүп, сүрөтүбүздү тартып, куттуктоо жазышып коюшуптур. Мектептеги башка класстын окуучулары дубал газетадан бизди окуп алышып, "оо, силер кыйынсыңар го" дешип, куттукташып жатышты.

Эртеси мектепке келгенде Жаркын класска жүгүрүп ки-

рип:

-Балдар, дубал газетаны көргүлөчү. Бирөө биздин акмагыбызды аябай чыгарып салыптыр, жүргүлө ишенбесеңер,- деп демикти.

-Кантип эле, койчу тамашаңды,-дедик. Ал биздин баарыбызды ээрчитип барып көрсөттү.

- Мына, көрдүңөрбү? Эми ишенерсиңер.

- Ооба, көрдүк. Бир көрө албастын колунан келди го,- деди Бакын.

-Карасаң баарыбызга мурут жасаптыр. Козулардын кулактары делдейет, куйруктарына “2” лерди байлап коюптур.

-“Ой, ичи тар. Ал ким болду экен?”-дедик кыжырданып. Ким экенин сураштырып, таппай койдук. Дубал газетаны мектептин газета чыгаруу редколлегия тобу алып салышты. 3 күндөн кийин линейка болду. Бизди жана жакшы окуган окуучуларды мактап, анан айрым сабактан кечигип жүргөн, тентек балдарды ортого чыгарышып, себептерин айттырышты. Дубал газетага бизди шылдың кылган 7-класстагы Жанузак деген бала болуп чыкты. Ал балдарга “мен жасадым” деп мактаныптыр. Жанузак балдардын алдына уялганынан башын көтөрө албай: “Экинчи туура эмес иштерди жасабайм”,- деп сөз берди.

Төртүнчү чейрек да аяктап калды. Окуу жылынын аякташына карата ата-энелер менен бирге класстык чогулуш болду. Чогулушта класс жетекчибиз бизге ыраазы болуп, 14 окуучунун 2 өөсү отличник, 10 у ударник, 2 өө орто окуп, окуу жылын аякташты деп айтты. Анан биз ата-энелерге концерт бердик. Ашымбек агай сөзүнүн акырында каникулда мектептин тегерегине окуучулар менен, ата-энелердин күчү менен дубал тосмо тургузуу керектигин айтты.

-Жакшы болот, жардам беребиз. Арабызда усталар деле бар. Балдарыбыз жардам берип турушат,-дешип, ата-энелер дароо эле макул болушту. Биздин эле ата-энелер эмес башка класстардын ата-энелери да-макул болушуптур. Ошентип ар бир класстын окуучулары ата-энелери менен бир жумадан иштөө чечилиптир .“Кары-картаң жана энелер дубал тургузууга катышышпай, ордуна ишке жарактуу туугандарынан жиберсе болот. Окуучу кыздар үйлөрүнөн түшкү тамак даяр-

дап келип беришет. Окуучу балдар дубал тургузгандардын жеңил-желпи иштерине жардам көрсөтүшөт жана бир жумадан иштешет", - деген буйрук болду.

Жумуш башталды. Биздин кезек келгенде Эсенбек, Көчөрбай деген байкелер сокмо дубалдын станогуна чыгып алышып, оор сокбилек менен ургулашат, башка 5 байке улам-улам уютулган ылайды күрөк менен станокко ыргытып салып берип турушат. Биз болсок эртеңки дубалга карата чуңкурга толтурулган топуракка саман чачып, суу куябыз. Ал тоорсуган кезде жабылып тебелейбиз. Кээде байкелер эс алып отурушканда станокко чыга калып, сокбилек менен согуп көрөбүз. Кичинекейбиз да, күчүбүз жетпей, тыйталаңдайбыз.

-Балдар, дубалдан түшкүлө, алыңар жетпейт, кулап кетесиңер,-дешет байкелер. Кыздарыбыз бизге үйлөрүнөн кээси жарма, нан, айран алып келсе, кээси ата-энеси бышырып берген тамагын көтөрүп келип беришет да:

-Дубалыңар биздин боюбуздан бийик го,-дешип бойлорун ченеп ойношот. Иштеп жаткан киши болуп, кыздарга күчтүүлүгүбүздү көрсөткүбүз келип, булчуңдарыбызды карматабыз.

-О, ии , Чынтемир, булчуңуң чыңалыптыр. Жаңыбайдыкы кичирээк, Токтогазынын булчуңу да чың экен,-деп кыздар булчуңдарыбызды текшеришет. Менин чын эле такыр булчуңум жок болчу. Суу, таш-маш көтөрүп ташыганга кичине булчуңум чыкты. Кечкисин үйгө чарчап, араң басып келебиз. Бирок, бир жума тез эле өтүп кетти.

Ошентип кийинки жумада башка класстар иштешип, бир айда эле мектеп тосмо менен курчалып калды. Тосмо керек экен. Мектептин багына, жерине кой-эчки, уй кирип кетчү. Байкуш мектептин кароолчусу:

-Кош, кош эле кош! Өш эле өш!-деп, кези келсе, балдарды да жардамга чакырып айдатчу. "Эми жакшы болбодубу" деп, биз аябай сүйүндүк. Ашымбек агай бизге ыраазы болуп:-Балдар, чоң ишке жарадыңар, ата-энеңерге да ырахмат. Эми жайы менен жакшы эс алып, сентябрга жакшы даярдыктар менен келгиле, бирок бош боло калганыңарда талаада таштанды темир-тезек көрсөңөр чогулта бергиле, кийин мектепке алып келесиңер. Металл сыныктарын чогултуу боюнча

класстардын ортосунда мелдеш болот. Азыртадан даярдана берсеңер кыйналбайсыңар,-деди.

-Туура айтасыз. Биздин үйдө деле сынган темир араба, самоор бар, дагы чогултам,-деп Жийдегүл мактанды.

-Ошондой ар бириңердин деле үйүңөрдөн чыгып калат. Иши кылып бул силерге тапшырма болсун. Анан колдон келсе, бош убакытта адабий китеп, жомокторду көп окугула, ата-энеңерге жардам бергиле.

-Ошентебиз, агай!-деп бир ооздон жооп бердик.

## Мүтүл.

Жай мезгили кандай сонун! Ата-энебизге жардам беребиз, балык кармайбыз, сууга түшөбүз. Сууга түшө турган атайын жасап алган көлүбүз деле бар. Ал көлгө айылдын бүт эле балдары түшүшөт. Бул көлүбүз Кеңкол дарыясынан бөлүнүп, айылдын чети менен агып өткөн сууда. Анын ары жагында Кара-Жыгач токою бар. Ал анча чоң токой эмес. Аны убагында илгери колхозчулар өз колдору менен отургузушкан экен. Токойдун Кара-Жыгач делип калганынын себеби, анда жалаң кара жыгач өсүп, арасында бирин-серин талтерек, тыт жыгачтары өскөндүгүнөн болсо керек. Кара-Жыгачка кирсең, ичи салкын. Майрам сайын кызыл-тазыл кийинишкен кыз-келиндер, балдар оюн курушуп, селкинчек тебишет. Эсимде, бир жылы кургакчылык болуп, айылдын эли ушул Кара-Жыгачка арабага казан-табак, отундарын салып келишип, казкатар очок казышып, казан асышкан. Кудайдан жаан тилешип, түлөө өткөрүшкөн болчу. Айткандай эле үч күндөн кийин көнөктөп жамгыр жааганда, элдин баары "кудай берди" деп сүйүнүшкөн. Мен:

-Жамгыр жааса да сүйүнүшөбү, кызык,-деп таң калган элем. Анда атам:

-Балам, жаан убагында жааса, эгин-тегинге жакшы болот, түшүм мол болот. Эгин болбосо, эл ач калбайбы,-деген. Мен айткан көлүбүз ошол Кара-Жыгачка жакын эле. Ал көлдүн аты Мүтүл болчу. Түшкүсүн тамеки сарайдан чыгып келип эле сууга түшөбүз. Арабызда Жаркын сууга жакшы сүзөт. Мен болсо:

-Жаркын сүзгөндү үйрөтчү,-дейм. Ал менин ичимен имере кармап: Эки бутуңду сууга чапкылап, эки колуң менен сууну жиреп, алдыга жыл,-деп жүрүп, тез эле үйрөттү. Ата-энебиз:

-Сууга көп түшпөгүлө, бир саат жетет,-деп эскертишүүчү. Кызыгып кээде бир сааттан да өткөрүп жиберчүбүз, үшүгөндөн ээгибиз шакылдап да кетчү, анткени тоодон агып түшкөн суу эле да. Көлүбүздүн жээгинде бир эле жерде кум бар болчу. Ага баарыбыз үймөлөктөп жата кетээр элек. Мүтүл көлүбүз таптаза, түбүнөн кум, таштар көрүнүп турчу. Анан да кызыктуусу түбүнөн "мүлт-мүлт" этип суу чыгып турганы байкалчу. Ошол үчүн көлүбүздү "Мүтүл" деп атап алсак керек.

Ошентип жай мезгилинин кандай өткөнү сезилбей да калды. Күркүрөгөн күз келип, эгин-тегин жыйнала баштады. Айлана мурдагыдай болбой, бозоруңку тартып, чөптөр куурап, бак-дарактардын жалбырактары саргая баштады.

**Тез айыгыңыз, агай.**

Эртең мектепке барам, 1-сентябрь. Сүйүктүү Үкүш эжеге, Ашымбек агайга эшиктин алдындагы гүлдөрдөн үзүп, 2 гүлдесте жасап койдум. Үкүш эже мени 1-класстан бери окуткан, ал эми Ашымбек агай класс жетекчим. Эртеси гүлдөрүмдү көтөрүп алып мектепке жөнөдүм. Мектептин алды кызыл-тазыл гүл көтөргөн окуучуларга, 1-класска балдарын жетелеген ата-энелерге толду. Линейка мектептин алдындагы аянтчада болду. Линейкада мектептин директору Майнусов Жакып агай сөз сүйлөп, баарыбызды жаңы окуу жылыбыз менен куттуктады. Ата-энелерден, райондон, колхоздон келген коноктор да куттуктоо сөздөрүн айтышты. Мектеп директору кайра чыгып, быйыл жаңы келген мугалимдер менен тааныштырды. Жаңы мугалимдер төртөө экен. Анын бири көзүмө өтө жылуу учурады. Эстедим. Ал мен тоодо окуп жүргөндө жамгырлуу түнү биздин үйгө жатып кеткен Нурмат байке экен. Аябай сүйүндүм. Нурмат байке дебей, эми "агай" дейм да. Ал бизге «Кыргыз тилинен» сабак бермей болду. Эртеси эле биздин класска кирип, таанышып сабак өтө баштады. Ал мени көрө коюп:

-Сен ушул класстасыңбы? Атың ким эле?-деди.

-Турсун. Ал мени көргөнү менен атымды билчү эмес. Сабакты жакшы түшүндүрөт экен. Биз агайыбызды жакшы көрүп калдык. Анын сабагынан чымындын учканы да угулбайт. Тынч отуруп, кунт коюп угабыз. Кээде агайды карап, аяп кетем. Анткени баягы тоодогу үйдө анын ата-энеси жок экендигин укпадым беле. Бир күнү агай сабакка келбей калды. Ашымбек агай класска кирип:

- Агайыңар бүгүн сабак өтпөйт. Келгенче ордуна башка мугалим окутат, ал ооруп жатат,-деди.

-Агайдын эмнеси ооруптур?-дедик.

-Сокур ичегисин алдырды.

-Качан чыгат эми?

-Билбейм. Сагынып калдыңарбы?

-Ооба, жакшы агай,-деп чурулдадык.

-Ооруканага барып көрсөк болобу?-дедим мен.

-Баарыңарга барууга болбойт азыр. Бир, экөөңөр барсаңар болот.

Бүгүн сабактан кийин мен барам. Каалаганың мени менен бар,-деди агай. “Мен барам” дегендер көп болду.

-Агай мен барышым керек,-дедим болбой.

-Мени менен бүгүн Турсун менен Токтогазы барсын. Башкаңарды дагы кийин көрөбүз,-деди. Биз ооруканага барганда түш ооп калган эле. Агай дарыгерлерден суранып, бизге, өзүнө ак халат алып келди. Халатыбызды кийип, палатага кирдик. Нурмат агай бизди көрүп, көздөрү жайнай түштү.

-Кел, келгиле. Агай, балдарыңыз менен келдиңизби? Убара болупсуз,-деп акырын сүйлөдү.

-Эч нерсе эмес. Булар барабыз,- деп жанымды коюшпай койду. Сен менин балдарыма жагып калыпсың.

-Бул балдар жакшы окушат,-деп күлүмсүрөдү. Биз агайды аяп сүйлөгөн да жокпуз. Алып баргандарыбызды столдун үстүнө койдук.

-Буйруса эми акырындап басам го, жакшы болуп калдым. Эми келбей эле коюңуздар, чоң ырахмат,-деп коштошкон болду.

-Тез айыгып кетиңиз, агай!-деп, класс жетекчибиз менен чыгып кеттик. Эртеси мектепке келээрибиз менен “агай кандай болуп калыптыр” дешип, классташтарыбыз жабалакта-

шып сурап жатышты. Ашымбек агай өзү бизге математикадан сабак берчү. Математика бизге кызыктуу сабак эле. Бардыгыбыз жанталашып окучубуз. Агай өзүнүн сабагынан кийин:

-Баарыңар велосипед тебе аласыңарбы?-деди. Эмне үчүн сурады дегенсип, тунжурай түштүк. Астахов Коля деген орус балабыз бар эле. Ал кыргыз тилин суудай билчү. Биз аны орус деп да ойлочу эмеспиз.

-Баарыбыз эле тебе алабыз, бирок билбейм...-деп, Коля бизге кайрылып калды. Чындыгында ар бир баланын велосипеди бар эле. Мектепке минип келген велосипедибизди ары жакта көмүр төккөн короонун бурчуна тизип койчубуз. Агай өзү да велосипед менен келчү.

- Кыздар тебе албайт го,-деди агай.

- Агай, кыздарга биз үйрөткөнбүз. Мейилкан менен Салкынай эле тебе албайт. Ал экөө коркок,- дешти балдар.

- Анда ал экөө автобус менен барышсын, силер велосипед менен барасыңар, бирок жол эрежесин сактагыла, бириңердин артыңардан бириңер жүргүлө,-деди. Мейилкан менен Салкынайдан башка беш кызга башка окуучулардан велосипед сурап бердик. Эки кызды автобуска салып жибердик да, калганыбыз велосипед менен жолго чыктык. Барсак, эки кызыбыз ооруkананын алдында бизди күтүп турушуптур. Ашымбек агай тор баштыкка бир нерселерди көтөрүп келди да, ооруканага өзү эле кирип кетти. Дарыгерлер менен киргенге уруксат сурап сүйлөшсө керек. Биз киргенге уруксат бербей, "терезеден көрүшсүн" деп коюптур. Алар биздин көптүгүбүздөн ооруkананын ичин кирдетишет дешсе керек, же тартип ушундайбы, ким билсин. Ооруkананы айланып өтүп, агайдын жаткан палатасынын терезесин таптык.

- Агай, кандай болуп калдыңыз?-деп, терезеге жабышып алып сурап жаттык. Ал:

- Ооба жакшымын дегендей, башын ийкегиледи, жылмайып карагансып. Бирок агайдын көкүрөгү толуп, ыйлагысы келип кеткени билинип турду. Мен терезеден бери боло калып:

- " Эх, агайдын ата-энеси жок да, бизди көрүп ыйлагысы келип жатпайбы"-деп, туруп калдым. Ошентип агайыбызды

көрүп, кайра велосипедчен айылды көздөй жол тарттык. Ашымбек агай болсо бизди токтотуп, эс алдырып коюп келе жатты. Эмнегедир оорукана, агай жөнүндө сөз сүйлөгөн жокпуз. Көп узабай агай да ооруканадан чыгып келди.

-Айыгып кеттиңизби?-деп жабалактап сурадык.

-Ооба, силер үчүн тез эле айыктым,-деп күлүмсүрөдү. Мектеп биз үчүн ыйык жердей, мугалимдер ата-энедей сезилчү. Бир күн да сабактан калуу деген болчу эмес.

## Кой кезүү.

Айылда "кой кезүү" деген бар эле. Кой кезүү келгенде, айылдагы койлору барлар кезектешип кайтарышчу. Кой кезүү бизге жакындаганда аябай жүрөкзаада болоор элем. Анткени, бир күн сабактан калыш керек. Айтор бир күнүбүз текке кеткендей эле болчу. Бир күнү кой кезүү келип, Мекен экөөбүз кызык болгонбуз. Эртең бизге кой кезүү келет деп, мугалимдерибизден уруксат сурасак, мектепке коноктор келет, бүрсүгүнү кайтаргыла деп, уруксат бербей койду. Үйгө келип уруксат ала албаганыбыз жөнүндө апама айттык. Ал:

-Тиги Дүрсүн чоң атаңарга айткыла, силердин кезүүңөрдү кайтарса, бүрсүгүнү анын ордуна силер кайтарып койгула.

-Чын эле ошентели,-деп Мекен экөөбүз Дүрсүн чоң атага барып, кыйкырып сүйлөдүк.

-Чоң ата, кой кезүү бизге келип калыптыр. Биздин ордубузга сиз эртең кайтарыңыз, биз сиздин ордуңузга бүрсүгүнү кайтаралы, макулсузбу? Анын кулагы жакшы укчу эмес, ошон үчүн кыйкырып айтпадыкпы. Ал:

-Ии,-деп койду. Мен уккан экен деп ойлодум.

-Апа, эртең биз сабакка барабыз, кой кезүүнү Дүрсүн чоң атага дайындадык,-дедим.

-Өзүңөр билгиле, алмашып алсаңар болду,-деди. Эртеси биз мектепке кеттик. Келген коноктор ар бир класска кирип, сабактарга катышып жатышты. Келген конокторго уят болгон жокпуз. Мектебиңер эски болгону менен окуучулардын билимдери, тартиптери жакшы экен деп, мактап кетишиптир. Койлордун келээр маалы болду. Элдер койлорун тоскону көчөгө чыгышты. Биз да коюбузду тосуп чыктык. Бизден

жогорку үйдү карасам, Дүрсүн чоң ата да таягын таянып кой тоскону турат. Жүгүрүп жанына барып:

-Чоң ата, бүгүн койлорду сиз кайтарган жоксузбу?-десем:

-Жок, силер кайтарасыңар да,-дейт. Мекенди "жүр" дедим да, жайытты көздөй жүгүрдүм. Караңгы кирип баратат. Койлор ыңкып коюшуп, тоонун этегине жуушап жатып калышыптыр. Күрмөбүздү чечип, койлорду үркүтүп тургузуп, айдап келе жатсак, артыбыздан бир карышкыр ээрчип келе жаткансыйт. Мекен аны көрүп:

-А-па! Карышкыр!-деди. Мен да коркуп, жерден таш ала коюп, ээрчиген карышкырды урдум. Ал менин урганымды тоотуп да койгон жок. "Эми бизди жейт го" деп корком. Ал куйругун булактатып артыбыздан ээрчийт. Денем дүркүрөп, коркконумду айтпа. Дагы таш алып, уруп жибердим. Ал "каңк, каңк" этип, артка үрүп качты да, кайра эле ээрчиди. Анын үнү чыккандан кийин ит экенин билдик. Мекен:

-А, бул Дүрсүн чоң атанын ити. Турсун коркпой эле кой,-деди. Койлорду айдап, көчөнүн башына келсек, айылдагы кой тоскондор көчөнүн башына чейин келип калышыптыр.

-Эртерээк эле айдап түшсөңөр болмок. Күндүн кеч киргенин кантип билген жоксуңар?-деди бирөө.

-Ойноп жүрө беришкен да, элдин малын ойлобой,-деди дагы бири. Мен болсо: "Койлор келээрин келди, деги түгөл болсо экен",- деп санааркадым. Биздин кой кезүү ушинтип өтүп кетти. Биз мектебибизге жөнөдүк. Дүрсүн чоң ата эшегин минип алып кой кезүүсүн кайтарды. Мектепке келсем агай:

-Эмне келдиң? Кой кезүүң бүттүбү?-деди. Мен кечээги болгон окуяны айттым.

-Чоң атаң сенин суранганыңды укпай калган тура,-деп, тым болду. Кой кезүүдөн кутулсам деле, үйгө келгенде санаага баттым. Себеби, кечинде кээ бирөөлөрүнүн кою короосуна келбегенин айтып, үйгө да келгендер болгон. Кечке маал койлорду тосуп баарыбыз көчөгө чыктык. Кимиси "коюм жок" дээр экен десем, эч кими айткан жок. Баарынын койлору түгөл чыкканына сүйүндүк. Алда менин балалыгым, ай!

### Мына, Манас-Ордо.

Мына, Манас-Ордо. Манас күмбөзүнүн кире беришинде "Манас-Ордо" деген жазуу көзгө урунат. Кире бергенден тартып, күмбөзгө чейин жолдун эки тарабына арчалар отургузулган. Жолдун оң тарабында бул жакка келип-кеткендер үчүн ашкана, жеңил машиналарды токтотуучу жай бар. Андан ары түптүз жогору жакта тарых музейи көрүнүп турат. Анын бет маңдай тарабында Манас кырк чоросу, Бакай, Кошой, Сыргактардын эстелик айкелдери тургузулуп, айланасы гүлзарга оролгон. Мен музейдин ичине кирип чыктым. Анда туш-тараптан табылган илгерки буюмдар, тарыхый эскерүүлөр, "Манас" эпосунун томдору, манасчылардын сүрөттөрү, Манасты изилдөөчүлөрдүн эмгектери, Манас күмбөзүн калыбына келтирүүчүлөр жана ушул күнгө чейин сактап келгендердин аты-жөндөрү, баяндамалар бар экен.

Манас-Ордону жашылдандырып көрктөндүрүүдө салымын кошкондордун ичинен бир тааныш адамдын ысымын жолуктурдум. Ал Кадырбек деген ушул айылдын тургуну эле. Биз экскурсияга келгенде анын күмбөз жөнүндөгү далай жакшы пикирлерин уккан элек. Ал Пермь шаарынан окуп, кийин айыл-чарба институтунун агрономдук адистигин Фрунзе шаарынан бүтүргөн. Ошто иштеп келип, оорусуна байланыштуу Манас күмбөзүндө иштеп калган. Ушул турган арчалардын, бак-дарактардын, алмалардын алгачкы көчөттөрүн отургузган. Ал эс алып отурганда:

-Көрөсүнөр го, балдар, бул жер кийин гүлдөйт,-деп айткан эле. Көз алдымда ал киши Манас-Ордонун алма багын аралай, чөбүн сугарып, арыгын чаап жүргөндөй сезилди.

Күмбөз болсо баягы менин бала кезимдегидей эмес, таптакыр өзгөрүптүр. Күмбөздүн маңдай бетиндеги жазуулары калыбына келтирилип, жаңы болуп көрүнөт. Мен күмбөзгө келгендер менен чогуу маңдай туштагы отургучка отуруп, алакан жайып, эл-журтума тынччылык, үй-бүлөмө жакшылыктарды каалап, "Омийин!" дедим. Оо, жараткан! Бул сенин бизге тартуулаган кереметиң болсо керек. Адам баласынын жан-дүйнөсүнүн күчү, зор эмгектери ушундай ажайып деңгээлге жеткирет деп, бала кезимде ойлобосом керек. Мына,

күмбөздүн оң капталында баягы мен айткан Манастын Чакмак-Ташы, таштагы жыланаяк буттун изи жатат, бир тарабында мамы таштар турат.

Булардын кайсынысы экенин билбейм. Бирөөсүн Талас шаарындагы чоң бактын орто ченинен көргөн элем. Анда 7 -класста окуп жүрүп, комсомолго өтөбүз деп, комсомолдордун жобосун аябай жаттап шаарга барганбыз. Комсомол комитетинин бөлмөсүнө бирден кирип, берилген суроолорго такалбай жооп берип, мен, Жаркын, Мейилкан, Сарыгул, Сейил, Аман, Токтогазы, Жийде, Коля болуп, комсомолго өттүк. Сүйүнүп турсак:

- Жүргүлө эми, сүрөткө түшүп коелу, - деди агай. Сүрөткө түшүп алып, шаардын багын аралап, балмуздактан бирден алып жеп бара жаттык.

- Аккуланын мамысын ким көргөн?- деп Ашымбек агай суроо берип калды. Эч кимибиз көргөн эмес экенбиз, унчукпадык.

- Унчукпаганыңарга караганда бириң да көрбөпсүң, - деди.

- Агай, каерде? Көрсөтсөңүз, - дедик чурулдап.

- Кантип эле Аккуланын мамысы ушул жерде болсун. Агай бизди таңкалтырайын деп жатат го, - деди Коля. Ал оозун жыйгыча болбой бийик мамыга туш келип калдык. Мамы өтө эле бийик болсо, о-уу, Аккула укмуш чоң болсо керек, - дедик.

- Манас ата өзү чоң болсо, аты да чоң болот да. Андай болбосо кантип көтөрөт эле, карагылачы, мамысы кандай? – деп, мамынын башына чейин чалкалай тиктеди Сарыгул. Ошентип ойлоно түшкөн экем. Эки мамыны улам карап, биз көргөн мамы кайсынысы болду экен деп турдум. Жанымдагы Сабыргүл:

- Жүргүлө, Каныкейдин булактарын көрө кетели, - деди.

- Ооба, көрөлү, - деп андан ары жөө басып, булактарга бардык. Тогуз булак катар тизип койгондой агып жатыптыр, туптунук, мупмуздак. Ар биринен куюп ичкенде, тогуз түрдүү даам бергенсиди. Булактардын баш жагында өскөн дарактар түз өспөй, эшилген түрдө буралып өсүптүр. “Ой, тобо-о, булактын суусунун касиетин карачы” деп, таңдандык.

Жанындагы отургучка эс алып, кайра күмбөзгө карай бет

алдык.

Ушулардын баарын бир сыйра көрүп, тепкичтер аркылуу Кароол-Чокуга чыгып, оор улутунуп алдым. Манас ата убагында ушул чокуга чыгып, таза абадан кере-кере дем алып, далай эл-жер жөнүндөгү ай-толгоолорун чечкендир дедим... Ооба, жашоо улана берет. Кереметтүү Кеңкол өрөөнүндөгү чакан айыл керилип, көз жоосун алат.

"Манас аалам кезип, дүңгүрөгөнүнөн жазбай, айтылбай калган купуя сырлары менен дагы бизди таң калтыра берет го" деп, тээ алыска көз чаптырып, карап турдум. Албетте, бул айткандарым эсте калгандардын бир үзүмү гана.

**Шаелдаева Саткын**

Манас-Ордо

Заказ № 98, Тираж 1000 экз.

Отпечатано в ОАО «Эркин-Тоо», 720040
г. Бишкек, бул. Эркиндик, 45